«БЕКИТЕМИН»
И.Арабаев атындагы КМУнун
алдындагы Мамлекеттик тил
жана маданият институтунун
директору, профессор
А.О.Дюшембиева ___________
2021-жылдын 15-январы

**Жетектөөчү уюмдун – И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын изденүүчү Ысакбаева Зинат Турдубековнанын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган «Ч.Айтматовдун романдарындагы көркөм аксиология» аттуу диссертациясына**

**П И К И Р И**

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Буга чейин кыргыз адабият таануусунда залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун романдарына аксиологиялык аспектте изилдөө колго алынбай келген. Андыктан бул диссертациянын темасы сөзсүз актуалдуу. Анда социалдык-гуманитардык илимдердеги, анын ичинде адабият таануудагы эки маанилүү кубулуш – Чыңгыз Айтматовдун романдары жана көркөм аксиология жуурулуштура каралган. Чынында айтматов таанууда акыркы он жылдыкта көптөгөн ачылыштар жасалды, антсе да изилдөөчүлөр анын романдарындагы көркөм аксиологияны тутумдуу жана комплекстүү иликтеше элек. Изилдөөнүн темасынын **актуалдуулугун** мына ушул жагдай – изденүүчү өз диссертациясында Ч. Айтматовдун романдарынын көркөм аксиологиясын объект катары алганы аныктап турат.

**Диссертацияда баяндалган натыйжаларды алууга автордун конкреттүү жекече катышуусу.** Изденүүчү өз изилдөөсүнүн жүрүшүндө Чыңгыз Айтматовдун романдарынын көркөмдүк-аксиологиялык мазмунун далилдүү аргументтерге таянуу менен ишеничтүү ачкан, жазуучунун аксиологиялык көз караштарынын чыгармаларына табигый түрдө өтүүсүн, сиңирилүүсүн аныктаган, романдардын башкы кейипкерлеринин баалуулук эволюциясын талдап көрсөтө алган. Изденүүчүнүн пикиринде Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын аксиологиялык аспекттен изилдөө кыргыз адабият таануусу үчүн жаңы мейкиндиктерди ачат. Автор изилдөөдөгү

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. №118/04-8
«18» 01 2021 г.

бардык жыйынтыктарды жеке өзү алганы эч күмөн жаратпайт. Анткени, автор тема боюнча илимий булактарды, адабияттарды терең изилдеген, аларга конкреттүү сереп жасаган, өз изилдөөсүнүн материалын, объектисин, предметин, методологиясын, анда колдонулган усулдарды туура сыпаттап берген, аягында өзү келген жыйынтыктарды ишенимдүү көрсөткөн.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын ишеничтүүлүк даражасы, алардын жанычылдыгы жана практикалык маанилүүлүгү.** Диссертант тарабынан алынган жыйынтыктар ишеничтүү, анткени бардыгы тең конкреттүү фактылар-материалдар менен бекемделген. Изденүүчү Чыңгыз Айтматовдун романдарын изилдөөдө аксиологиялык, генеалогиялык, проблемалык-тематикалык, тарыхый-адабий методдорду, анализ жана синтез ыкмаларын майнаптуу колдонуп, анын натыйжасында ишеничтүү, конкреттүү, логикалуу илимий жыйынтыктарды алууга жетишкен. **Иштин жаңычылдыгына** келсек, методологиялык аспекттен алганда анда алгач ирет аксиологиялык мамиле Ч. Айтматовдун романдарынын материалында сыноодон өткөрүлгөн. Тарыхый-адабий аспекттен карасак, бул романдардагы борбордук каармандардын аксиологиялык мүнөздөмөсүнүн бөтөнчөлүгүн, чыгарманын автордук концепциясынын баалуулуктук мазмунун жаңыча талдоого жана түшүнүүгө жетишилген. **Иштин практикалык мааниси** бул диссертациянын илимий жыйынтыктары ЖОЖдордо Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгын, анын ичинде, романдарын окутуп-үйрөтүүдө колдонула турганы, мындан сырткары, кыргыз профессионал жазма адабияты боюнча окуу-усулдук куралдарды, көрсөтмөлөрдү, колдонмолорду түзүүдө пайдаланылаары менен шартталат.

Илимий иш үч главадан турат. Иштин биринчи главасы **“Чыңгыз Айтматовдун романдарын баалуулуктук аспектте изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери”** деп аталат. Бул жерде эки параграф бар-“Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгын адабият таануу жана башка илимдерде изилденүүсүнө сереп”, “Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгын баалуулуктук аспектте изилдөө кыргыз адабият таануусунун келечектүү багыты катары”. Биринчи параграфта Айтматов таануу боюнча жазылган эмгектер, филологиянын бул тармак боюнча корголгон диссертациялар каралган.

Экинчи параграфта диссертант Айтматовдун көркөм дүйнөсүнүн ичине кирген баалуулуктук жагын белгилеп, ушуга себеп болгон нерселерди аныктап чыккан.

Экинчи главанын аталышы **“Чыңгыз Айтматовдун романдарындагы баалуулукту изилдөөнүн объектиси, предмети, методологиясы жана материалдары”.** Буга үч параграф кирет. Биринчи параграфта жазуучунун

романдары аксиологиялык нукта адабият таануу илимине изилдөөнүн объектиси катары кириши аныкталган. Бул объекттин ичинде Айтматовдун романдары менен чогуу анын макалалары; интервьюлары, маектери кирет. Ушул материалдар диссертацияда системалуу түрдө изилденген. Экинчи параграфта изилдөөнүн объектисине кирген романдарга көз чаптырып, романдардын тематикасын, проблематикасын жетиштүү түрдө ачып берүүгө аракет жасаган.

Үчүнчү главанын аталышы **"Чыңгыз Айтматовдун романдарынын көркөмдүк-аксиологиялык мазмуну"** деп аталып, беш параграфтан турат. Айтматов өзүнүн романдарында баалуулуктун беш беренесине автор катары көңүлүн бурган. Ушул беренелерди диссертант ар бирин өз алдынча атап чыккан-"акыйкаттык", "жакшылык","сулуулук", "эмгек", "үй-бүлө". Ушуга жазуучу абдан терең маани бергенин диссертант белгилеп жатат.

**Изденүүчүнүн илимий эмгектеринин баалуулугу.** Диссертанттын изилдөөнүн негизги жыйынтыктары боюнча жарыялаган эмгектери теориялык-методологиялык, адабий-теориялык жактан баалуу экени күмөнсүз. Аларда Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын баалуулуктук аспектилерин изилдөөгө чыйыр салынган, адабият таануучулук изилдөөнүн жаңы методологиясын колдонуу боюнча түптөлгөн тажрыйба ийгиликтүү улантылган.

**Диссертация туура келген адистик.** Изденүүчүнүн бул изилдөөсү 10.01.01 – кыргыз адабияты адистигинин паспортуна толугу менен туура келет. Анткени, изилдөөдө Чыңгыз Айтматовдун романдары объект катары алынган. Ал эми аталган калемгер кыргыз профессионал адабиятынын эң көрүнүктүү, эң чыгаан өкүлү. Өзгөчөлүгү, диссертацияда Ч.Айтматовдун романдарындагы көркөм аксиология, б.а. автордун баалуулуктук көз караштары, идеясы ачылган.

**Диссертациянын материалдарынын изденүүчү жарыялаган эмгектерде толук чагылтылуусу.** Изденүүчүнүн эмгектеринин тизмесине көз чаптырсак, ал өз изилдөөсүнүн негизги материалдарын коргоого чейин эле толугу менен жарыялоого жетишкенин көрөбүз. Ал изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери боюнча да, изилдөөнүн илимий жыйынтыктары боюнча да конкреттүү макала-билдирүүлөрүн илимий журналдарга, илимий конференциялардын жыйнактарына жарыялаган. Диссертанттын бир канча макаласы РИНЦ тутумуна кирген илимий журналдарга басылган. Демек, ал КР ЖАКнын илимий эмгектерди жарыялоо боюнча талабын толук аткарган.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, изденүүчү З.Т.Ысакбаеванын диссертациясын диссертациялык кеңеште коргоого сунуштоого болот.

Аталган илимий квалификациялык эмгек толук аягына чыккан, изилдөөнүн жүрүшүндө ишеничтүү илимий жыйынтыктар алынган. Бул изилдөөдө 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги үчүн чоң мааниге ээ болгон Чыңгыз Айтматовдун романдарынын көркөм аксиологиясын ачуу **актуалдуу илимий милдети** ийгиликтүү чечилген. Бул милдеттин чечилүүсү менен залкар калемгердин чыгармачылыгын жаңыча аспектте – аксиологиялык өңүттө талдоо үчүн пайдубал түптөлгөн.

Антсе да, изилдөөдө айрым бир мүчүлүштүктөр орун алганын белгилөө абзел. Алсак, **биринчиден,** изденүүчү Ч. Айтматовдун чыгармачылыгынын илимде изилденүүсүнө өтө көп көңүл бурган. **Экинчиден,** улуу жазуучунун романдарынын мазмуну туурасында мурдатан белгилүү маалыматтарды констатациялаган учурлар бар. Бирок, бул мүчүлүштүктөр диссертациянын деңгээлине, сапатына эч көлөкө түшүрбөйт.

Изилдөө боюнча диссертанттын баяндамасын, ага карата айтылган ой-пикирлерди угуп жана талкуулап, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын кезексиз отуруму **төмөнкүдөй чечим** кылат:

Изденүүчү **Ысакбаева Зыйнат Турдубековнанын «Ч. Айтматовдун романдарындагы көркөм аксиология»** деген темадагы диссертациясы КР ЖАКтын кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарына жооп берген, өз алдынча аткарылган иш болуп эсептелет жана анын автору 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Диссертация **2021-жылдын 14-январында** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты жана окутуунун технологиялары кафедрасынын кезексиз отурумунда №2 протокол менен каралды. Талкуууга төмөнкү кафедра мүчөлөрү катышты: А.А.Эгембердиева – ф.и.д, проф.м.а.; К.К.Койлубаев – ф.и.д, проф. м.а., Р.Сыдыкова –ф.и.к., проф. м.а, Г.Жумаева –ф.и.к., проф. м.а, С.Дюшембиев – ф.и.к., доцент, А.Каныбекова – ф.и.к., доцент, Шамбеталиева Х.М – ф.и.к.,доцент, А.Кабатай кызы – ф.и.к., доценттин м.а., улуу окутуучулар: Ф.Мырзаева, К.Солтобаева, А.Ажыбаев, А.Түнгатарова, К.Сопубеков, Г.Козубекова– катчы.

**Отурумдун төрайымы,**
**ф.и.д. А.А.Эгембердиева**

**Отурумдун катчысы Г.Козубекова**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ